**БЕКИТЕМ**
**Кыргыз Республикасынын**
**Саламаттык сактоо министрлигинин**
**алдындагы Дары каражаттары жана**
**медициналык буюмдар**
**департаментинин директору**
**Кысанов Т.А.** ____________
**«03»** февраль **2021-ж.**

# ДАРЫ КАРАЖАТЫН МЕДИЦИНАДА КОЛДОНУУ БОЮНЧА НУСКАМА

## ГЕРБИОН® БАКА ЖАЛБЫРАК СИРОБУ

**Соодадагы аталышы**
Гербион® бака жалбырак сиробу

**Эл аралык патенттелбеген аталышы**
Жок

**Дарынын түрү**
Сироп

**Сүрөттөмөсү**
Күрөңдөн кызгылт-күрөң түскө чейинки өзгөчө жыты бар сироп, бир аз жылтыроонун болушуна жол берилет.

**Курамы**
5 мл сироптун курамында бар:
*активдүү заттар:* [1]ланцет сыяктуу жалбырактуу бака жалбырактын жана гүлкайыр гүлдөрүнүн суюк суу аралашмасы маңызы 2,5 г, [2]аскорбин кислотасы (С витамини) 65,00 мг;
*көмөкчү заттар:* сахароза, метилпарагидросибензоат (Е218), апельсин майы жыт бергичи.
[1]ланцет сыяктуу жалбырактуу бака жалбырактын жана гүлкайыр гүлдөрүнүн суюк суу аралашмасы маңызы төмөндөгүлөрдөн даярдалган: ланцет сыяктуу жалбырактуу бака жалбырак (*Plantago lanceolata* L.s.l.) 0,25 г; гүлкайыр гүлдөрү (*Malva sylvestris* L.) 0,25 г; тазаланган суу (экстрагент).
[2]73,12 мг натрий аскорбаты формасындагы 65,00 мг аскорбин кислотасы.

**Фармадарылык тобу**
Респиратордук системалардын ооруларын дарылоо үчүн препараттар. Суук тийүүдөгү ооруларын дарылоо үчүн жөтөлгө каршы препараттар жана каражаттар. Башка жөтөлгө каршы препараттар.
**АТХ коду:** R05X

**Фармакологиялык касиеттери**

Гербион® бака жалбырак сиробунун курамында ланцет сыяктуу жалбырактуу бака жалбырактын (*Plantago lanceolata L.)* жана гүлкайыр гүлдөрүнүн (*Malva sylvestris L.*) суу маңызы, ошондой эле аскорбин кислотасы (С витамини) бар.

Дары полисахариддердин жогорку дем алуу жолдорунун былжыр челине механикалык таасиринин аркасында жөтөлгө каршы таасирге ээ болот; ошондой эле какыртуучу, сезгенүүгө каршы, микробго каршы (бактериостатикалык) таасирге ээ болот.

Аскорбин кислотасы (С витамини) организмде бир катар зат алмашуу процесстерине катышат, иммун системасын чыңдайт жана клеткалардын кайрадан калыбына келишине шарт түзөт.

**Колдонууга көрсөтмөлөр**

Препарат кургак жөтөл менен коштолгон, жогорку дем алуу жолдорунун сезгенүү ооруларын комплекстүү дарылоодо; ошондой эле чылым чеккендер кургак жөтөлгөндө колдонулат.

**Дозалоо режими жана колдонуу жолу**

Чоңдорго жана 14 жаштан улуу балдарга дары 3-5 жолу 2 чен кашыктан (10 мл) дайындалат.

7ден 14 жашка чейинки курактагы балдарга – суткасына 3 жолу 1-2 чен кашыктан (5 -10 мл).

2ден 7 жашка чейинки курактагы балдарга – суткасына 3 жолу 1 чен кашык (5 мл).

Дарылоо курсунун узактыгы 2-3 жума. Дарыгер менен кеңешкенден кийин узактыгын узартууга же кайталап курс өткөрүүгө болот.

Ичилет. Бейтаптар дарыны ичкенден кийин дароо суюктук ичпей же тамак жебей турушу керек, анткени тамак жана суусундук дарыны ооз көңдөйүнүн жана кулкундун былжыр челинен кетирүүнү тездетиши мүмкүн.

Пайдалануу алдында дары каражаты бар бөтөлкөнү чайкаш керек.

**Каршы көрсөтмөлөр**

Дарынын курам бөлүктөрүнө карата жогорку сезгичтик, кант диабети, тукум куучу фруктозаны көтөрө албастык, глюкоза-галактозаны сиңирүүнүн бузулуу синдрому, тубаса сахараза-изомальтаза жетишсиздиги, 2 жашка чейинки бала курак.

**Жагымсыз реакциялар**

Аллергиялык реакциялар болушу мүмкүн. Кыйыр таасирлер пайда болгон учурда дарыны ичүүнү токтотуп жана дарыгерге кайрылуу керек.

**Өзгөчө көрсөтмөлөр жана этияттык чаралары**

Энтигүү, дене табынын жогорулашы же кан аралаш какырык пайда болгондо дарыгерге кайрылуу керек.

Дары каражатын колдонуу убагында бейтап жетиштүү өлчөмдө жылуу суюктук (чай же башка жылуу суусундуктарды) ичиши керек.

Эгерде дарыны колдонуп баштагандан кийин бир жумадан соң оорунун симптомдору жоголбосо, дарыгерден кеңеш алуу керек.

Гербион® бака жалбырак сиробунун курамында сахароза бар, ошондуктан кант диабети, сейрек тукум куучу фруктозаны көтөрө албастык, глюкоза жана галактоза мальабсорбциясы

жана сахароза-изомальтаз жетишсиздиги оорулары бар бейтаптарга колдонууга каршы көрсөтүлөт.
Метилпарагидроксибензоат (Е 218) аллергиялык реакцияларды, анын ичинде жай типтеги реакцияны пайда кылышы мүмкүн.

***Кош бойлуулукта жана бала эмизген мезгилде колдонуу***

Кош бойлуу жана бала эмизген аялдарга дарыны колдонуу сунушталбайт (дарыны көрсөтүлгөн бейтаптар тобунда колдонуунун коопсуздугу боюнча маалыматтар жетишсиздигине байланыштуу).

***Унаа каражаттарын, механизмдерди башкаруу жөндөмдүүлүгүнө тийгизген таасири***

Гербион® бака жалбырак сиробу унаа каражаттарын башкаруу жана механизмдер менен иштөө жөндөмдүүлүгүнө таасирин тийгизбейт.

**Башка дары препараттары менен өз ара таасири**

Гербион® бака жалбырак сиробун жөтөлгө каршы препараттар жана какырыктын пайда болушун азайтуучу дары каражаттары менен бир убакта колдонууга болбойт, анткени бул суюлтулган какырыкты жөтөлүп түкүрүүнү кыйындатат.

**Ашыкча доза**

Азыркы убакка чейин ашыкча дозалоо учурлары жөнүндө маалыматтар түшкөн эмес.

**Чыгаруу формасы**

Сироп.
150 мл сироп суюктукту бөлгүчү бар желим тыгын жана биринчи жолу ачууну көзөмөлдөгүчү бар пластик капкак менен тыгындалып бекитилген, күңүрт айнек (III типтеги) флакондо.
1 флакон өлчөгүч пластик чен кашык жана колдонуу боюнча нускама менен бирге картон кутучага салынат.

**Жарактуулук мөөнөтү**

3 жыл
Жарактуулук мөөнөтү аяктагандан кийин препаратты колдонууга болбойт.

**Сактоо шарттары**

15 °С дан баштап 30 °С чейинки аба табында сактоо керек.
Сиропту флаконду ачкандан кийин 3 ай ичинде пайдалануу керек.
Балдар жетпеген жерде сактоо керек.

**Дарыканалардан берүү шарттары**

Рецепти жок берилет.

**Таңгактоочу**

КРКА, д.д., Ново место, Повхова көчөсү 5, 8501 Ново место, Словения

**Өндүрүүчү**
КРКА, д.д., Ново место, Шмарьешка цеста 6, 8501 Ново место, Словения

**Кыргыз Республикасынын аймагында дары каражаттарынын сапаты боюнча арыздоолорду (сунуштарды) кабыл алуучу уюмдун аталышы жана дареги:**
КРКА, д.д. өкүлчүлүгүнүн кеңсеси, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш.
Телефону: +(996) 312 662 250
Электрондук дареги: pharmacovigilance.KG@krka.biz